Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKINTOO.KG Жума, 2021-жылдын 22-октябры №108 (3287)

АР БИР МАМЛЕКЕТТИН КООПСУЗДУГУ ЖАНА ТУРУКТУУЛУГУ ЧЕК АРАНЫ КОРГООДОН БАШТАЛАТ

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 21-октябрда, Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук мамлекеттик кызматынын Чек ара кызматына аскердик техниканы тапшыруу аземине катышты. Мамлекет башчысы Чек ара кызматынын аскер кызматкерлерин техникаларды алышы менен куттуктап, жарандардын, өлкөнүн коопсуздугун жана мамлекеттик чек араларды коргоо үчүн Куралдуу Күчтөрдүн материалдык-техникалык базасын жакшыртуунун маанилүүлүгүн белгиледи.

«Эгерде чек ара тынч болсо, ал коргоодо болсо анда жарандар тынч уктай алышат. Эгерде чек ара алсырап, чек арачылар керектүү материалдык-техникалык жактан камсыздалбаса, анда өлкөдөгү стабилдүүлүк жөнүндө айтууга болбойт. Ар бир мамлекеттин коопсуздугу жана туруктуулугу чек араны коргоодон башталат», - деп билдирди Садыр Жапаров.

Президент Куралдуу Күчтөрүнүн техникасына инвентаризация жүргүзүлгөнүн, жарактан чыккан техникалардын баары келерки жазда жаңыртыларын баса белгиледи.

«Бул жаңжалга даярдык эмес, биздин өлкөнүн коопсуздугун сактоого даярдык. 30 жылдын ичинде биз эч качан эч ким менен чыр-чатак баштаган эмеспиз, колубузда курал менен чет өлкөлүк аймактарды басып алган эмеспиз. Келечекте дагы мындай болбойт. Бирок, эгерде биздин аймактарды басып алуу аракеттери болсо, анда жооп катаал болот», - деди Садыр Жапаров. Ал Чек ара кызматынын гана эмес, КРнын Коргоо министрлигинин жана Ички иштер министрлигинин дагы материалдык-техникалык базасы жакшыртыларын кошумчалады. Мамлекет башчысы акыркы 30 жыл аралыгындагы кыйынчылыктарга карабастан, Кыргызстандын аскер кызматкерлерине кызматтары үчүн ыраазычылык билдирди.

Мамлекет башчы келерки жылы чек арачылардын айлык маянасын жогорулатуу пландалып жатканын кошумчалап, «Мамлекет аскер кызматкерлерин татыктуу эмгек акы менен камсыз кылууга милдеттенет. Сиздердин милдет – жарандарыбыздын коопсуздугун жана тынчтыгын камсыз кылуу», - деп сөзүн жыйынтыктады.

Зооттолгон аскердик техниканын кырк даанасы КР УКМК Чек ара кызматынын өздүк курамын чыңдоо жана өлкөнүн мамлекеттик чек арасын бекемдөө үчүн Мамлекет башчысынын тапшырмасы боюнча сатылып алынган.

Белгилей кетсек, өлкөнүн эгемендүүлүк тарыхында биринчи жолу биздин жергиликтүү аймакка ылайыкталган жаңы аскердик техника ушунча санда толугу менен бюджеттик каражатка сатылып алынды.

■ Президенттин куттуктоосу

СОЦИАЛДЫК КЫЗМАТКЕРЛЕР ЭЧ БИР ДООРДО ЖОЛДО КАЛБАЙТ

Президент Садыр Жапаров 19-октябрда өлкөнүн Социалдык коргоо жана кесиптик кошуундар кызматкерлерин кесиптик майрамы менен куттуктады. Анда өлкөдө калкты социалдык жактан коргоо системасы акырындык менен жаңыланып, социалдык коргоо чөйрөсүн санариптештирүү менен калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапаты жакшырып жатканын айтты. Ошондой эле бул тармактын айкөл кызматкерлери өзүнүн асыл иштери, күжүрмөн эмгеги жана берилгендиги менен өлкөнүн жалпы өнүгүүсүнө олуттуу салым кошооруна ишенип, кесип ээлерине ыраазычылык билдирди. “Балдарга кам көрүү, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды, карыяларды урматтоо - бул чыныгы маданияттуу коомдун пайдубалынын көөнөрбөс асыл-нарктары. Экономика жана маалыматтык технологиялар канчалык өнүкпөсүн, алар эч качан адамгерчиликти, жылуу мамилени, мээримдүүлүктү алмаштыра албайт. Тактап айтканда, ары ардактуу, ары асыл кесип ээлери болгон социалдык кызматкерлер да эч бир доордо жолдо калбайт” – деп белгилеп, иштерине ийгилик, ден соолук, үйбүлөлүк бакыт каалады.

■ Сыйлык-сыймык

“ЭҢ МЫКТЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ” СЫНАГЫНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ СЫЙЛАНДЫ

21-22-октябрда Бишкек шаарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын Республикалык кеңешмеси өтүүдө. 21-октябрда КР Президенти Садыр Жапаров аталган кеңешмеге катышып, 2020-жылдагы иштердин жыйынтыгы боюнча “Эң мыкты айыл өкмөтү” наамына өткөрүлгөн республикалык сынактын жыйынтыгы боюнча жеңүүчүлөрүн сыйлады. Биринчи топтон: I орун 1 500 000 сом байге – Ош облусунун Алай районунун Гүлчө айыл өкмөтүнө; II орун 1 000 000 сом байге - Нарын облусунун Жумгал районунун Миң-Куш айыл өкмөтүнө; III орун 500 000 сом байге – Баткен облусунун Баткен районунун Самаркандек айыл өкмөтүнө; Экинчи топтон: I орун 1 500 000 сом байге – Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айыл өкмөтүнө; II орун 1 000 000 сом байге – Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун Атай айыл өкмөтүнө; III орун 500 000 сом байге – Талас облусунун Бакай-Ата районунун Кең-Арал айыл өкмөтүнө тапшырылды. Мындан тышкары, аймактардын социалдык-экономикалык

өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын 30 жылдыгына карата КРнын Президентинин энчилүү сааты менен Абдыразаков Асылбек Таштанбекович – Чүй облусунун Аламүдүн районунун Байтик айыл өкмөтүнүн башчысы; Дүйшөбаев Мукталы Бошкоевич – Талас облусунун Манас районунун Покровка айыл өкмөтүнүн башчысы; Мозгачева Виктория Андреевна-Бишкек шаарынын вице-мэри; Усенова Эльмира Валентиновна – КРнын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укукту өкүлүнүн орун басары сыйланды. Ошондой эле, Президент Садыр Жапаров КРнын Президентинин атынан Ош облусунун Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Апбасов Каныбек Сагынбековичке, Нарын облусунун Ат-Башы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Абдыкадыров Эмилбек Ысакуловичке, Жалал-Абад шаарынын мэри Ормоков Эрнисбек Абдижалиловичке, Баткен облусунун Лейлек райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Рахманкулов Алмазбек Рахманкуловичке алкыш жарыялады.

Акылбек ЖАПАРОВ:

“АЙЫЛ ЧАРБА КЫЗМАТКЕРЛЕРИ ТУРУКТУУЛУКТУ КӨРСӨТҮШТҮ”

КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы–КР Президентинин Администрациясынын Жетекчиси Акылбек Жапаров КРнын агроөнөр жай комплексинин кызматкерлерин кесиптик майрамы менен куттуктады. Куттуктоосунда “Агроөнөр жай комплекси – ата мекендик экономиканын алдыңкы жана стратегиялык тармагы. Республиканын калкынын жарымынан көбү айыл жергесинде жашайт, эмгектенет. Анын көпчүлүк бөлүгү айыл чарбасы менен алектенет. Айыл тургундары талаада, мал чарбачылыгында жана кайра иштетүү ишканаларында аба-ырайынын шартына карабастан, айрым учурда дем алышсыз оор, ошол эле учурда урмат-сыйга татыктуу жумуш аткарышат. Үстүбүздөгү жылы айыл чарба кызматкерлери туруктуулукту, өжөрдүктү жана жогорку кесипкөйлүктү көрсөтүштү. Аба-ырайындагы жагымсыз шарттарга карабастан, айыл чарба жана тамак-аш кайра иштетүү өнөр жайы кызматкерлери өлкө калкынын азык-түлүккө карата муктаждыгын гана камсыздабастан, экспорттук оңдуу потенциалды сактай алды. Бүгүн ички дүң продукция тутумундагы агроөнөр жай комплексинин үлүшүн 30%га дейре жогорулатуу милдети турат. Коюлган максатка жетишүү үчүн өздүк өндүрүш кубаттуулуктарды өнүктүрүү жана агрардык сектордун экспорттук потенциалын жакшыртуу зарыл. Айыл чарба тармагы продукциянын эффективдүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу жолуна түшүшү керек. Агроөнөр жай комплексинде иштегендердин тажрыйбасы жана кесипкөйлүгүнө негизделген инновациялык ыкмалар айыл чарбасына ийгилик жана гүлдөп-өнүгүү алып келет деп ишенем”, - деген оюн билдирип, айыл чарба кызматкерлери кыйын шарттарда күнүмдүк жана татаал иштерди аткарып келээрин белгилеп, бакубатчылык, иштерине ийгилик каалады.

ДАРЫГЕРЛЕРДИН КААРМАНДЫГЫ ДАҢКТАЛА БЕРЕТ

Мамлекеттик катчы Сүйүнбек Касмамбетов 19-октябрда коронавирустук инфекция пандемиясына каршы күрөшүүнүн алкагында, кесиптик милдеттерин аткаруу учурунда курман болгон медициналык кызматкерлерге жана медициналык жогорку окуу жайлардын студенттерине арналган эстеликтин ачылыш аземине катышты. Эстелик И.Ахунбаев атындагы КММАнын башкы корпусунун гүл бакчасында орнотулган. Ишчарада курман болгон дарыгерлердин туугандары, кесиптештери, медицина кызматкерлери эстеликке гүл коюшуп, бир мүнөттүк тыныгуу менен эскерип, андан соң КРнын Гимни жаңырды. Мамлекеттик катчы Сүйүнбек Касмамбетов 2020-жылы кыргыз эли оор мезгилди башынан кечиргенин белгилеп, коронавирус инфекциясы менен күрөшүүдөгү дарыгерлердин өлчөнгүс эмгеги жана каармандыгы үчүн ыраазычылык билдирди. Ошондой эле, саламаттыкты сактоо жаатындагы көп жылдык ак ниеттүү эмгеги үчүн жана эгемендүүлүктүн 30 жылдыгына байланыштуу Президент Садыр Жапаров 200дөн ашуун медицина кызматкерлерин сыйлоо жөнүндө Жарлыкка кол койгонун, алардын көпчүлүгү биринчи жолу мамлекеттик сыйлыктарды алышканын белгиледи.

Эске салсак, пандемияда 6 минден ашуун медкызматкери COVID менен ооруп, 79 дарыгер, 44 орто медкызматкер, жалпы 123 адам каза болгон. Эстеликти орнотуу сунушу медициналык коомчулуктун арасынан түшүп, ал ыктыярдуу чогултуудан түшкөн каражатка тургузулган.

БИШКЕКТЕ 23 КӨЧӨ ОҢДОЛДУ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Арзыбек Кожошев Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүнүн гранттык каражаттарынын эсебинен ишке ашырылган “Бишкек шаарынын унаа жолдорунун катмарын калыбына келтирүү” долбоорун кабыл алуу-өткөрүү Актысына кол коюу салтанатына катышты. Иш-чарага Кыргыз Республикасындагы Кытай Эл Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Ду Дэвэнь, Бишкек шаарынын мэри А.Жунушалиев жана тийиштүү мамлекеттик органдардын жетекчилери келишти. Бул долбоордо узундугу 40 км жакын жолдун асфальт бетон катмары калыбына келтирилген. 23 көчө оңдолуп, борбордун транспорттук инфраструктурасы, жол кыймылы, андагы өткөрүү мүмкүнчүлүгү жакшыртылган. Өз сөзүндө Арзыбек Кожошев “Аталган долбоорлор “Бир тилке – бир жол” демилгесинин алкагындагы Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы достукту, стратегиялык өнөктөштүк мамилелерди чыңдоого, соода-экономикалык байланыштарды кеңейтүүгө багытталган” - деп айтып, “Бишкек шаарынын унаа жолдорунун катмарын калыбына келтирүү” долбоорун кабыл алуу-өткөрүү Актысына кол койду. Ошондой эле, Кытай тарапка көрсөткөн колдоосу үчүн ыраазычылык билдирип, Министрлер Кабинети өлкөнү социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүгө багытталган долбоорлорду ар дайым колдоого даяр экенин белгиледи.

ЭДИЛ БАЙСАЛОВ ИШ САПАРЫ МЕНЕН ОШТО БОЛДУ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Ош облусундагы иш сапарында С.Бекмуратов атындагы №1 Ош шаардык балдар музыкалык мектебине барып, окутуучулар менен баарлашып, мекемедеги актуалдуу болгон эмгек шарты, айлык акы маселелерин талкуулады. Андан соң Ош шаардык балдар жугуштуу ооруканасында болуп, кызыл зона катары пайдаланылып жаткан тез тургузулуучу конструкциялардан курулган 100 орундуу жаңы корпусту көрдү. Мекеменин кызматкерлери лабораториялар, рентген-кабинеттер, администрация, кир жуучу жай жана тамак-аш блогу үчүн имарат зарыл экенин билдиришти. Э.Байсалов альтернатив иретинде бош аянтка беш кабаттуу имарат курууну сунуштады. Мындан тышкары, КРнын “ЭлТР” мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын башкы кеңсесинин эмгек жамааты менен жолугуп, компаниянын өнүгүүсүнө көңүл бурулаарын айтып, “Сөз эркиндиги болушу керек, ошол эле учурда ар бир адам өз иш-аракети жана анын кесепети үчүн жоопкерчилик алуусу үчүн тартип жана жоопкерчилик болушу шарт. Бул өзгөчө журналисттердин ишине тийиштүү”, - деген оюн билдирип, ЖМК ишмердүүлүгү жөнүндө мыйзам кабыл алынган соң сөз эркиндигинин макамы тууралуу айтып берди.

Даярдаган
Жазгүл КАРБОСОВА

Аламга жол айылдан башталат

Аймактык өнүгүү мамлекеттик агенттигинин директору Эльчибек ДЖАНТАЕВ:

"ПРЕЗИДЕНТИБИЗ ЖҮРГҮЗГӨН САЯСАТЫНДА САПАТКА, ТАРТИПКЕ БАСЫМ ЖАСООДО"

КРнын Айыл чарба министрлигине караштуу Аймактык өнүгүү мамлекеттик агенттигинин директору, Муниципалдык кызматтын 1-даражадагы кеңешчиси, мыкты жетекчи Эльчибек Нуржадыевич менен агенттиктин иши туурасында маек курдук.

- Эльчибек Нуржадыевич, алгач сиз жетектеген агенттиктин максаты жана милдеттери туурасында кеп баштасаңыз?

- Агенттиктин негизги максаты аты айтып тургандай эле аймактарды жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну туруктуу өнүктүрүү боюнча КР Президентинин саясатын ишке ашыруу болуп саналат. Анын негизинде аймактардын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын потенциалын жогорулатуу, аталган органдардын иштерине мониторинг жүргүзүү, усулдук жана маалыматтык колдоо көрсөтүү иштери биздин негизги милдеттерге кирет.

- Иш сапарлары менен республикадагы аймактарды кыдырып келдиңиз. Кайсы маселелерге көбүрөөк көңүл бөлүндү?

- "Аймак өнүксө - өлкө өнүгөт" демекчи, өлкөбүз аймактары менен күчтүү. Ал эми аймактарда эл менен тыгыз иш алып барган мекеме бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары болуп саналат. Кыргыз Республикасында өткөн шайлоолордун жыйынтыгы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (айыл өкмөт башчылары, айылдык кеңештин төрагалары жана шаар жетекчилери) башчыларынын дээрлик көпчүлүгү жаңы дайындалды. Андыктан, "Миң уккандан бир көргөн жакшы" деген сыңары, республикабыздын бардык аймактарына иш сапар менен барып, жаңы айыл өкмөт башчылары, айылдык кеңештин төрагалары, райондордун акимдери жана шаарлардын мэрлери менен жолугуп, баарлашып, көйгөйлүү маселелери менен жеринде таанышып кайттык. Ошондой эле, учурдун талабы болгон санариптештирүү боюнча семинарларды уюштуруп, жержерлердеги мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн абалын жакшыртуу маселелерин талкууладык.

- Бул боюнча Мамлекет башчысы Садыр Жапаровдун "Калкка мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу боюнча мындан аркы чаралар жөнүндө" Жарлыгы да чыккан эле. Бул багытта кандай иш-чаралар жүрүп жатат?

- Туура. Президенттин ушул Жарлыгын ишке ашыруу максатында аймактарды кыдырдык. Негизинен Президентибиз жүргүзгөн саясатында сапатка, тартипке басым жасоодо. Тартип, сапат болгон жерде сөзсүз ийгиликтер жаралат. Өзүбүздүн муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу багытында иштерибиз бар, алар базалык реестрде катталган. Аларды жакшыртуу иретинде төрт модуль менен иштеп жатабыз. Бул төрт модулду аймактагы мамлекеттик органдардын жетекчилерине түшүндүрүп, ушул жаатта кандай иштер болуп жатканынан кабар берип, көйгөйлөрүн да уктук. Айыл өкмөттөр да бир катар сунуштарды беришүүдө. Санариптештирүү боюнча учурда кожолуктарды санарип аймакка каттатууда үйлөрдүн расмий документтери жок болуп жатканы, балдардын туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү катталбай калганы, ветинспекциянын базасында мал жөнүндө толук маалыматтын жоктугу, ушул сыяктуу көйгөйлөр жаралууда. Бүгүнкү күндө калктын саны 6,5 млн болсо, санарип тутумуна кошулганы 1,8 млн болду. Андыктан, алдыда жасалчу иштердин көлөмү абдан эле чоң. Биз айыл өкмөттөргө тиешелүү багыттарды берүүдө жана окутууда кесипкөй адамдардын катышуусун камсыздоо максатында башка мамлекеттик органдар менен иш жүргүзүүдөбүз. Базалык маалыматтарды топтоо жана жаңылап туруу үчүн Агенттик 8 мамлекеттик орган менен келишимдерди түзүп, анын негизинде базалык реестрдеги кызматтар үзгүлтүксүз көрсөтүлүүдө. Алдыда реестрге кирген муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн типтүү Административдик регламенттерин иштеп чыгуу, электрондук форматка которуу милдеттери турат. Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик порталга жайгаштыруу Чүй облусунун Аламүдүн районунун Лебединовка айыл өкмөтүнүн базасында тестирлөөдөн кийин жүргүзүлөт. Ошондой эле, "ЖӨБО паспорту электрондук китеби", "Жеке турак жай куруу үчүн жер тилкелерин берүүнүн кезеги", "ЕНИ коду жок объектилердин чарба китеби", "Муниципалдык объектилердин эсебинин Бирдиктүү реестри" модулдарын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча иштер жүргүзүлүп жатат. Учурда жогорудагы пландар менен жети облусту тең кыдырып бүттүк. Эми Бишкек шаары менен Токмок шаарына жыйын уюштуруп, анан иш сапарды жыйынтыктайбыз.

- Сиздердин агенттикте канча адам эмгектенет? Айрым мамлекеттик мекемелерде 30 пайыздык кыскартуулар болду. Сиздердечи?..

- Буга чейин КРнын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттикте жалпы мамлекеттик кызматкерлер 49 бирдикти түзгөн. КРнын аткаруу бийлигинин органдарын реформалоого байланыштуу 12 штаттык бирдик КРнын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине өткөрүлүп берилген, 2 штаттык бирдик (Маалымат катчы жана коррупцияны алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү кызмат орундары) КРнын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигине өткөн. Мындан сырткары Агенттиктен статс-катчы жана директордун жардамчысы кызмат орундары кыскартылган. Учурда Аймактык өнүгүү мамлекеттик агенттигинде 33 мамлекеттик кызмат орду бар. Аймактык өнүгүү мамлекеттик агенттиги тарабынан мурдагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу 27 функция дагы деле аткарылууда. Ошондой эле, Агенттик аймактык өнүгүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу орган болгондуктан дагы 17 функция кошулду.

- Кечээ, 21-октябрда Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана айыл өкмөт башчыларынын Республикалык кеңешмеси башталды. Ушул боюнча да айтып берсеңиз?

- Ооба, кечээ, бүгүн Бишкекте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын Республикалык кеңешмеси болууда. Аталган иш-чара 25-октябрда белгиленчү КРнын Жергиликтүү коомчулуктар күнүнүн алкагында өтүүдө. Иш-чарабыздын алгачкы бөлүгүнө КРнын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевич өзү катышып, 2020-жылдагы иштердин жыйынтыгы боюнча "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына өткөрүлгөн республикалык сынактын жыйынтыгы боюнча жеңүүчүлөрдү сыйлап, өз сөзүндө сунуштарын, тапшырмаларын берди. Ошондой эле, КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Президенттин Администрациясынын Жетекчиси Акылбек Жапаров башында турган Министрлер Кабинети, Мамлекет башчысынын региондордогу ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, шаарлардын мэрлери, райондордун акимдери, айыл өкмөт башчылары жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрү катышты. Бул эки күндүк кеңешмеде региондорду жана жалпы өлкөнү өнүктүрүүнүн негизги маселелери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сапатын жана кесипкөйлүгүн жогорулатуу талкууланды. Республикалык кеңешме КТРК, республикалык жана облустук телеканалдардын түз эфиринде чагылдырылды.

- Куттуктайбыз! Быйыл Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүлгөнүнө 30 жыл толгон тура...

- Рахмат! Ооба. Быйыл биз үчүн өтө маанилүү жыл болду. 30 жыл оңой убакыт эмес. Бул учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери ысыкты да, суукту да көрдү. Андыктан, ушул иш-чарабызды татыктуу өткөрүп коюу максатында Республикалык кеңешмебизди Мамлекет башчыбыз Садыр Жапаровдун катышуусунда өткөрүүгө болгон аракетти көргөнбүз. Негизинен аймактарда эл менен тыгыз иш алып баргандар бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери болуп саналат. Ушундан улам, элдин бийликке болгон ишеничи алар аркылуу өтөт. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин юбилейлик майрамы менен куттуктайм. Алардын иштерине ийгилик, үй-бүлөлөрүнө ырыс-ынтымак, өздөрүнө ден соолук каалайм. Эгемен өлкөбүздө тынччылык, токчулук болуп, элибиз аман, жерибиз бүтүн болсун!

Жазгүл КАРБОСОВА

■ Банктык кызмат көрсөтүү жана кардарлар

КОРПОРАТИВДИК КРЕДИТТӨӨ БИЗНЕСТИ КЕҢЕЙТҮҮГӨ ЖОЛ АЧАТ

КЫРГЫЗ БАНКЫ

Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон багыт катары ири бизнес субъекттери саналат. Бүгүнкү күндө бизнести өнүктүрүү максатында коммерциялык банктар банктык кызматтардын кеңири түрүн, анын ичинде кардарларды корпоративдик кредиттөөнү сунушташууда. Кардарды «корпоративдик» катары таануу критерийи ар бир банк тарабынан өзүнчө бизнес-моделине жана жүргүзүлүп жаткан кредиттик саясатына жараша белгиленет. Банктар корпоративдик кардарларды менчик формасына, уюштуруу түзүмүнө жана берилип жаткан кредиттин суммасына жараша аныкташат.

КОРПОРАТИВДИК КРЕДИТТӨӨДӨ АТААНДАШТЫК БАР

Азыркы учурда корпоративдик кредиттөө рыногунда олуттуу атаандаштык байкалууда, анда кыйла ийгиликтүү иш алып барып жаткан банктар катары кардарлардын керектөөлөрүн жетишинче канааттандырган банктык продуктылардын түрүн кеңейтүүгө умтулган банктар саналат. Азыркы мезгилде корпоративдик кардарларды кармап калууга умтулгандыгын тастыктаган факторлор катары төмөнкүлөр саналат: айрым кардарлар менен иштөө үчүн өзүнчө ыкманы колдонууга шарт түзгөн кардарлар базасын бөлүү; аларга сунушталган банктык кызматтардын наркы; эсептешүү-кассалык тейлөө, аралыктан тейлөө үчүн мобилдик тиркемелер, акча каражаттарын инкассациялоо кызматтары, эмгек акы долбоорлору, ишканалардын аймагына көчмө кассалардын баруусун уюштуруу, жеке сейфтик ячейкалар, бизнес кардарды маалыматтык колдоо ж.б. сыяктуу банктык кызматтардын кеңири түрү.

КОРПОРАТИВДИК КРЕДИТТӨӨ АРТЫКЧЫЛЫКТАР МЕНЕН КОШТОЛОТ

Корпоративдик кардарларды кредиттөө өзгөчөлүктөрүнүн бири катары кошумча кызматтарды сунуштоону белгилөөгө болот, б.а. кредит берүү менен бирге кардарга эсептешүү-кассалык тейлөө, кардардын кызматкерлерин эмгек акы долбоорлоруна тартуу, сейфтик ячейкаларды ижарага берүү, башка кредиттик алмаштыруучуларды (банктык кепилдиктер, аккредитивдер) берүү сыяктуу банктык продуктылардын бардык түрү сунушталат, бул кызмат көрсөтүү наркы жана ыңгайлуулук көз карашынан алганда кардарлар үчүн артыкчылык болуп саналат, анткени кошумча кызматтар банктарга корпоративдик кардарлар үчүн кредиттер жана башка банктык операциялар боюнча жеке пайыздык чендерди/комиссияларды белгилөөгө шарт түзөт.

КОРПОРАТИВДИК КРЕДИТТӨӨДӨ ТОБОКЕЛДИКТЕР ЖОК ЭМЕС

Бирок, банк корпоративдик кардарларды каржылоодо дуушарланышы мүмкүн болгон тобокелдиктер да олуттуу болуп саналат. Ушуга байланыштуу кредит алууга билдирмени кароодо карыз алуучунун төлөөгө жөндөмдүүлүгү кылдаттык менен каралат, мында чакан жана орто бизнеске насыяларды жана чекене кредиттерди берүүдө колдонулуучу иликтөө методикасынан айырмаланган методика колдонулат.

Кредиттөө – бул кредитор үчүн гана эмес, карыз алуучу үчүн да тобокелдүү, жоопкерчиликтүү жана татаал процесс. Корпоративдик кардарлар кредит алуу чечимин кабыл алганга чейин кредиттик каражаттар кайсыл багытта жумшала тургандыгын ойлонуштуруусу зарыл. Кредит алуудан мурда кредиттик тобокелдиктерге жол бербөө үчүн алынуучу кредитти төлөө боюнча өз финансылык мүмкүнчүлүктөрүн кылдаттык менен жана так баалап, каржыланып жаткан долбоорду жүзөгө ашырууга терс таасирин тийгизиши ыктымал болгон бардык жагдайларды эске алуу менен кылдат иштелип чыккан бизнес-план болуусу зарыл. Бизнес-планды консервативдүү ыкмалардын негизинде түзүү сунушталат, б.а. кирешени төмөн мааниде, чыгашаны жогору мааниде белгилөө керек болот. Мындан тышкары, кардарлар киреше алына турган жана кредит алынып жаткан валютага өзгөчө көңүл буруусу зарыл. Чет өлкө валютасы олуттуу өзгөрүп турган шартта кредитти киреше алган валютадан башка валютада алуу карыз милдеттенмесин оорлотушу мүмкүн жана кредитти кайтаруу тобокелдигин шартташы ыктымал. Кредит алуудан мурда кардарлар жылдык натыйжалуу пайыздык чен өлчөмүнө да өзгөчө көңүл буруусу зарыл, анда кредит алууда банктын пайдасына алынуучу карыз алуучунун төлөмдөрү эске алынат.

Кредит алууда так жана туура финансылык отчет берүү маанилүү. Жалган маалымат бергендиги үчүн кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

КОРПОРАТИВДИК КРЕДИТТӨӨДӨГҮ КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА АНЫН ЧЕЧИЛИШИ

Бүгүнкү күндө узак мөөнөттүү ресурстардын жоктугу корпоративдик кредиттөө рыногунун негизги көйгөйү болуп саналат. Корпоративдик кредиттерди берүүнүн максималдуу мөөнөтү 5 жылды түзөт, бул ири инвестициялык долбоорлор үчүн мөөнөтү жетишсиз болуп калат. Тартуу мөөнөтү менен катар, тартылган ресурстардын жогорку наркы дагы негизги көйгөй болуп эсептелет. Көптөгөн факторлорду, анын ичинде өлкөнүн инвестициялык рейтинг деңгээлин жана банктардагы эл аралык рейтингдин жоктугун көңүлгө алуу менен корпоративдик кредиттерге андан ары жайгаштыруу үчүн төмөнкү чен менен узак мөөнөттүү ресурстарды тартууга жергиликтүү коммерциялык банктардын мүмкүнчүлүгү жок.

COVID-19 пандемиясы өлкөдө иш жигердүүлүгүнө олуттуу таасирин тийгизди, бул банктардын корпоративдик кардарларынын кредиттерди тейлөөсүнүн финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө терс таасирин берди. Экономикалык жигердүүлүктү колдоо жана Кыргыз Республикасынын экономикасы үчүн терс кесепеттерди жөнгө салуу максатында коммерциялык банктар тарабынан кайсы бир санкцияларды жана комиссияларды колдонбостон, айкын акча агымдарын, экономикалык кызыкчылыктарын жана финансылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен кардарларга баштапкы төлөө графигин өзгөртүү мүмкүнчүлүгү берилген.

Эгерде кредитти төлөөдө кыйынчылык жаралса, кардар кредитордон качпоого тийиш, тескерисинче, аны менен жолугуп, жаралган кырдаалды түшүндүрүүсү зарыл. Кардардын кайрылуусунун негизинде, банк реструктуризациялоону (негизги сумманы жана/же пайызды төлөө мөөнөтүн кийинкиге жылдыруу аркылуу төлөө графигин өзгөртүү, кредиттөө мөөнөтүн узартуу ж.б.) сунушташы мүмкүн. Төлөө графигин өзгөрткөн учурда кредиттөө мөөнөтү узаргандыгына жана/же мөөнөтү кийинкиге жылдырылгандыгына байланыштуу пайыздар боюнча чыгашалар көбөйүп кете тургандыгын кардар эсинен чыгарбоосу зарыл.

Кредит алуу корпоративдик кардарларга бизнесин кеңейтүүсүнө, өндүрүштү модернизациялоосуна, келечектүү инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруусуна жол ачат. Корпоративдик кредиттөөнүн эсебинен алдыңкы жана социалдык жактан маанилүү ишканаларга/компанияларга финансылык колдоо көрсөтүлөт, бул өлкөнүн экономикасынын реалдуу секторунун түптөлүшүнө жана өнүгүшүнө жагымдуу таасирин тийгизет.

Даярдаган
Абдимухтар АБИЛОВ

■ Жакшылыктын үрөөнү

Акбар АЛИЯСКАРОВ:

"СИЗДЕРГЕ РАХМАТ, ДОКУМЕНТТЕРИМ ТАБЫЛБАСА КЫЙЫН АБАЛДА КАЛМАКМЫН"

Бир апта мурда Бишкектин Жаш Гвардия бульварындагы отургучтардын биринен Ош базарында соода кылган соодагер бир капчык таап алат. Анын ичинде паспорт, көптөгөн карталары жана 350 сом болот. Капчыктын ичиндеги жазуулар соодагерге тааныш эмес тилде болгондуктан, ал капчыкты балдарына алып барып берет. Соодаргердин балдары жоголгон паспорттун ээсин издеп, социалдык тармактарга маалымат чыгарат. Бирок, жыйынтык болбойт. Андыктан капчыкты таап алгандар биздин редакцияга кайрылып, анын ээсин издешүүгө жардам сурайт.

Биз маалымат алаарыбыз менен паспортун жоготкон адамды издөөгө кириштик. Паспорттогу атыжөнү аркылуу капчыктын ээси Будапешт шаарында окуган кыргыз студент экендигин билдик. Ошентип, биз “Фейсбук” баракчасына жоголгон капчык тууралуу маалымат тараттык. Ал маалыматты ЭлТР каналынын операторлору көрүп калып, биз менен кошо студентти издей башташты. 30 мүнөт аралыгында ЭлТР каналынын операторлору паспортун жоготкон студентке "Инстаграмм" аркылуу чыгышып, дароо эле таап алышат.

Студент капчыгын жоготуп, кыжаалат болуп жатканын айтып, операторлордон менин телефон номурумду алып, беш мүнөткө калбай телефон чалды.

Капчык жоготкон Акбар Алияскаров Венгриядагы Budapest Business Schoolда бир семестр окуп, Eotvos Lorand University окуу жайын быйыл ийгиликтүү аяктап жаткан студент экен. Ал Бишкекке дипломдук иш жазганы келип, капчыгын жоготуп, кыжаалат болуп жаткан. Биз Акбар менен кыскача маек курдук

- Акбар, капчыгыңды качан жоготтуң эле?

- Бир апта мурда жоготком. Ичинде студенттик карталарым, окуу жайдын документтери да бар эле. Аябай капаланып жаткам. Сиздерге чоң ыраазычылык билдирем. Кубанычым койнума батпай турат. Мен жакынкы мезгил аралыгында кайра окуума кетмекмин. Документтеримди кантип калыбына келтирем деп кыжаалат болдум. Чындыгын айтсам таап алам деп такыр ойлогон эмесмин. Капчыгымдын ичиндеги акчасынан бери кайтарып берип жатасыздар. Мындай адамгерчилик мени аябай толкундантты.

- Капчыгыңды таап алган соодагер бизге кайрылып, интернет аркылуу сизди издеп таппадыкпы...

- Рахмат. Терең ыраазычылык билдерем. Окуянын мындай бурулушун күткөн эмесмин.

- Акбар, Будапештте окуйт экенсиң. Окууң тууралуу да айтып берсеңчи?

- 2017-жылы Венгриянын стипендиялык программасына "Скайп" аркылуу экзамен тапшырып, өтүп кеткем. Өзүм карапайым эле үй-бүлөнүн баласымын. Окууга болгон аракетим мени Венгрияга алып барган.

- Венгрияда сага окшогон кыргызстандык студенттер көппү?

- Ооба. Бирок, так санын билбеймин. Мен окуган стипендиялык программа бизде 2017-жылы ачылган. Азыркы учурда ага тапшыруу үчүн кыргызстандыктарга орундар көп бериле баштады. Венгрияда жашоо жеңил. Стипендиялык программа аркылуу окууга тапшыргандар үчүн бардык жагынан камсыздоолор бар. Мага Венгриянын коомдук транспорттору жагат. Кооз имараттары, элинин маданияты өзгөчө. Мен өзүмдү Венгрияда эркин сезем. Жашоо кымбат эмес. Музей, театрларга кызыгуу көп. Венгрия өзүнүн ысык булактары менен Европада белгилүү.

- Окууңду аяктап өз өлкөңө келүү ниетиң барбы?

- Албетте, мен да өз өлкөмдүн өнүгүшүнө салым кошкум келет. Азыр Бизнес Экономика факультетинде окуйм. Сиздерге дагы бир жолу ыраазычылык билдирем. Эгер документтеримди таппасам мага кыйын болмок.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

■ Жашыл экономикалык өнүгүү

АРСТАНБАП ЖАҢГАК ТОКОЮН ЮНЕСКОнун ТИЗМЕСИНЕ КИРГИЗҮҮ ЗАРЫЛ

Дүйнө жүзүндөгү климаттын өзгөрүшү жалпы адамзатты терең ойго салып жатат. Ушуга карата Бириккен Улуттар Уюмунун климаттык өзгөрүү боюнча Алкактык конвенциясынын XXVI конференциясы 2021-жылдын ноябрь айында Глазго (Англия) шаарында өтөт. 5-ноябрда баш калаабызда «Европа бирлиги - Борбордук Азия» биринчи Бишкек экономикалык форуму өткөрүлөт. Президент Садыр Жапаров Министрлер Кабинетине бул ишчараны жогорку деңгээлде өткөрүү боюнча тапшырма берди. Форум Европа бирлигинин Борбор Азия боюнча экологиялык өнүгүү стратегиясынын "Европа жашыл келишими" алкагында өлкөбүздөгү бизнести өнүктүрүүгө жана инвестициялык климатты жакшыртууга өзгөчө шарт түзөт. Учурда Евробирлик (ЕБ) жашыл экономикалык өнүгүүгө өтүү боюнча стратегиясын ишке ашырууга 1 триллион евро бөлөөрүн билдирди.

УЧУРДАГЫ АБАЛ

Жашыл экономиканын негизги тармактарынын бири – өлкөбүзгө туристтерди магниттей тартып турган көк-жашыл ажайып кооз токойлорубуз болуп саналат. Аларды көздүн карегиндей сактоо керек. Дүйнөлүк климаттын кескин өзгөрүп жатышы – токойлорду сактап эле тим болбостон, алардын аянтын көбөйтүү керектигин милдеттендирип жатат. Негизинен Кыргыз Республикасы дүйнөдөгү токою аз аймактарга кирет. Токойлор – тоолордогу арча, карагай, кайың, жаңгак жана башка бак-дарактардан турат. Өлкөбүздөгү токойлордун 90%га жакыны деңиз деңгээлинен 700дөн 3500 метрге чейинки бийиктикте жайгашкан. Анын көбү токой фондунун жерлеринде, өзгөчө корголуучу жаратылыштык аймактарда өсөт. Улуттук инвентаризация боюнча (2008-2010-жылдардагы) алынган маалыматка таянсак, Кыргыз Республикасынын токойлорунун аянты өлкөнүн жалпы аянтынын 5,6%ын гана камтыйт.

ТОКОЙ – ЭКОНОМИКАНЫ КӨТӨРҮҮГӨ САЛЫМ КОШОТ

Жерибиз бийик тоолуу, кескин континенттик климатта болгондуктан токойлор жай калыбына келет. Бул жыгач камдоонун көлөмү аз болушун шарттагандыктан, тактай материалдардын 90%ын сырттан импорттоого туура келет. Ошондой болсо да Кыргыз Республикасынын токой чарбасында жыгач продукциядан тышкары токойду пайдалануунун эсебинен өлкөнүн экономикасына бир топ салым кошсо болот. Алар: токой экосистемаларында туризмди өнүктүрүү жана токойдун жыгач эмес продукциясынын (жаңгак, бадам, мисте данектери, жапайы алма-өрүктөр, кайналу, карагат, бүлдүркөн, бал, дары чөптөр ж.б.) маркетингин өнүктүрүү болуп саналат.

Эксперттер азыркы мезгилде токой чарбасынын экономикасы сенек абалда турат деп айтып жатышат. Бул токой экономикасын өнүктүрүү боюнча пландын жоктугуна, токой ресурстарына экономикалык баа берилбегендигине, натыйжасыз каржылоо системасына жана инвестициялардын жетишсиздигине, экономикалык пландоонун, болжолдоонун жана токой пайдалануунун эсепке алуунун заманбап инструменттеринин жоктугуна, ошондой эле кадрлардын экономикалык төмөн потенциалына байланыштуу болууда. Токой чарбасынын экономикалык туруктуулугун жогорулатуу үчүн ага карата жалпы өнүктүрүүчү шарттарды түзүү зарыл. Мисалы, жаңгак данегин эле алсак, аларды экспортёрлор көбүнчө Түркияга, Иранга, Иракка жана Сирияга экспорттоо үчүн сатып алышат. Легалдуу эмес ташып чыгарылган жаңгактын данегинин көлөмү түшүмдүн 10%ын эле түзөт. Өкүнүчтүүсү – бул данектер биздин өлкөнүн атынан эмес, башка өлкөлөрдүн (Түркиянын, Өзбекстандын) продукциясы катары экспорттолот. Түпкүлүгү – бул ишти өзүбүздүн ишкерлер жасашы керек.

ЭЭН ЖАТКАН ЖЕРЛЕРДИ ТОКОЙГО АЙЛАНДЫРСАК...

Учурда токой өсүмдүктөрүн өстүрүү иш-чараларын аткаруу үчүн өлкөбүздүн токой чарбаларында жалпы 180 гектар аянтка токой питомниктери түзүлгөн. Аларда 15 миллион ар кандай жыгач-бадал породаларынын көчөттөрү өстүрүлүүдө. Жыл сайын токой чарбалары тарабынан 1000 гектарга жакын аянтка токой өсүмдүктөрү отургузулат. Албетте, бул аздык кылат. Маселен, Баткендеги чөлдүү жерлерге, Балыкчы шаары менен Чолпон-Атага чейинки ээн жаткан талааларга бадам, мисте сыяктуу көчөттөрдү өстүрүүгө неге болбосун.

КЫРГЫЗДАР ҮЧҮН АРСТАНБАП "ЭКИНЧИ МЕККЕ" БОЛГОН

Жакында эле Жалал-Абад облусундагы Арстанбап токоюн көрүү үчүн журналисттердин чакан тобу менен бирге барып келдим. Айтмакчы, кыргыз калкынын өзүнчө эл болуп түптөлүшүнө эбегейсиз зор салым кошкон Адигине хандын сөөгү бир тууган иниси Тагай бийдин демилгеси менен дал ушул Арстанбап токоюнун төр жагына коюлганы белгилүү. Дал ошол кезден баштап, Арстанбап кыргыз эли үчүн "экинчи Меккеге" айланган. Кечээ жакынга чейин эле өлкөнүн бардык аймактарынын эл жакшылары: бектердин, бийлердин, баатырлардын сөөктөрү ушул ыйык жерге коюлуп келген. Азыр болсо ал ыйык мазар тебеленип, жергиликтүү тургундардын үй салуучу жайларына айланып бара жатыптыр. Белгилүү журналист, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Нышанбек Кочкоровдун айтымында, Президент Садыр Жапаровдун жетинчи атасы – Бирназар бийдин сөөгү да Ысык-Көл жергесинен дал ушул Арстанбап токоюндагы ыйык мазарга коюлууга алынып бара жатып, Жалал-Абад шаарынын четиндеги Айып-Мазарга коюлган экен...

Ал эми кыргыз элинин бийлеринин, баатырларынын сөөктөрү Арстанбапка коюлгандарынан тарых беттерине жазылып калганы да бар. Бул маалыматты тарых илимдеринин доктору, профессор, маркум Сабыр Аттокуров 1995-жылы чыккан "Кыргыз санжырасы" деген китебинде мындай деп берген: "Сарбагыштардын бир бөлүгү саяктар менен куда-сөөк болгондуктан, Ферганадан аларга барып Кетмен-Төбөдө, Тогуз-Тородо калып калышкан. Кийин Болот баатыр өлгөн соң анын сөөгүн Арстанбапка коюшуп, кийинки жылы көчүп келишкен (Сыдыков О. Көрсөтүлгөн эмгек, 32-бет. Информаторлор: Акматов Закир (45 жашта), «Коммунизм» айылы, Аликеев Самасыл (74 жашта), Кызыл-Дөбө айылы, Балбаков Зулпухар (64 жашта)).

Кыргыз элинин көрүнүктүү калемгери, Кыргыз эл акыны Эрнис Турсунов 2004-жылы "Акыл" басмаканасынан 19-кылымда жашап өткөн тарыхый улуу инсан Боронбай бий тууралуу "Боронбай" аттуу тарыхый романын жарыкка чыгарган. Ал китептин 262-бетинде мындай деген маалымат берилген: "Алыскы Ат-Башыдан, Алайдан, Өзгөндөн, Таластан, Нарындан, Ысык-Көлдөн, Сары-Өзөн Чүйдөн байманасы ташыган, колунда бар, абройлуу, кадырлуу адамдар: "Көзүбүз өтүп кетсе сөөгүбүздү Адигине менен Тагай бабаларыбыз жаткан касиеттүү жерге койгула", - деп, балдарына керезмурасын калтырышкан. Керезди аткаруу парз. Мусулман баласы Кааба турган кыбыланы карап сыйынгандай, Мухаммед пайгамбардын мекени Мекке менен Мединага барып зыярат кылгандай, касиеттүү бабалары жаткан жайларды кыргыздар ыйык көргөн. Анын бири – Адигине менен Тагай коюлган, Арстан-баба жаткан, сан түркүн мөмө дарактар өскөн, Алла Таала берген, жаңгактуу – Арстанбап". Жазуучу Эрнис Турсунов өзүнүн кылдат иликтөөлөрүнүн негизинде маалыматты андан ары мындай деп улайт: "Меккеге, Мединага жетпей каза болгон байманалуу кыргыздар касиеттүү бабаларынын жанына коюлууну каалагандыктан, атанын айтканын эки кылбаган ыймандуу балдары сөөктү төөгө, өгүзгө, атка жүктөп, күндөп-түндөп жол жүрүп, Арстанбапка алып барып коюшчу. Мойт акенин атасы Алдаяр, Сарт акенин атасы Доскулу, Садыр акенин атасы Жолболду, Жылкайдардын атасы Бирназар, Кыдыр акенин бабасы Түлөберди, айтылуу Орозбактын беш мырзасынын кенжеси Токочмырза, анын уулу Көлөгөн Арстанбап мазарына коюлган" (ушул китептин 265-бети).

АРСТАНБАП ТОКОЮ СУЮЛУП БАРА ЖАТАТ

Токойду өз көзүм менен көргөн адам катары "ушундай ажайып кооз жердин азыркы абалы кандай?" - деген суроого: өтө оор абалда экен деп эле ачык жооп берүүгө туура келет. Ага далил катары токойдун ичине отурукташкан жергиликтүү тургундардын тирелип батпай бара жатканын айтсак болот. Учурда Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районуна караган Арстанбап айыл өкмөтүндө 5 айыл бар (борбору Арсланбоб айылы). Аталган айыл өкмөтү Бабаш-Ата кырка тоосунун түндүк-чыгыш этегинен орун алган. Азыр ал жерде жашаган жергиликтүү калктын саны 22 миң адамды түзөт. Албетте, жергиликтүү калк мындай темп менен өсө берсе, 15-20 жылдан кийин Арстанбап токоюнун ичинде 50-60 миң калк жашаган чакан район пайда болот. Ал жаңгак токоюнун кескин суюлушуна алып келет...

Ошондуктан, мамлекет бул токойду сактап калуу үчүн тезинен Сары-Челектей адам колу тийгис биосфералык зона деп жарыялоого тийиш. Керек болсо статусун эл аралык деңгээлге көтөрүп, жер жүзүндө сейрек кездешүүчү токой катары ЮНЕСКОнун тизмесине киргизүү зарыл. Ал эми токой ичинде жашап жаткан 22 миң кишиге түз жерден жер берип көчүрүү – бүгүнкү күндүн кечиктирилгис талабы.

ҮСӨН СЫДЫКОВДУН ДЕМИЛГЕСИ

Ушул жерден маанилүү бир окуя эске түштү. Кыргыз элине белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмер, маркум Үсөн Сыдыков союз кезинде Базар-Коргон райкомунун биринчи катчысы болуп турганда айтылып жаткан көйгөй жаралаарын сезип, Арстанбап токоюнун ичинде жашап жаткан жергиликтүү калкты "Сейдикум" совхозуна көчүрүү боюнча токтом чыгарган экен. Ал үчүн атайын жер бөлдүргөн. Бирок, көп өтпөй өзү башка ишке которулуп кетет. Ошону менен бул иш-чара турмушка ашпай калыптыр. Анткен менен ушул көйгөй азыр дагы актуалдуу болуп турат. Жергиликтүү элдин ичинен "түз жерден үй салууга жер берилсе, кетет элек" дегендер да чыкты. Президент Садыр Жапаровдун Жарлыгынын негизинде шаарга айланган Базар-Коргондун тегерегинен үй салууга жер берилсе, жаш үй-бүлөлөр жапырт көчүп бармак. Арстанбап токоюн сактап калууга жакшы шарт түзүлмөк. Мамлекет ушул багытта ыраатту иш жүргүзөт деп ойлойбуз. Кепти көп созо бербей, кыргыз элинин эң кооз жери болгон – Арстанбап токоюнун азыркы учурдагы абалын фото-сүрөттөр менен чагылдырууну туура көрдүк.

Азизбек ЧАМАШЕВ
(сүрөттөр Нурмамат ажы Сапарбаевдики)

Новости Синьцзяна



ЖИВОПИСНЫЙ НОЧНОЙ ПЕЙЗАЖ БАГРАШКЁЛЬ

21 сентября с высоты был сделан ослепительный снимок экологического ландшафтного пояса реки Кайдыкгол в уезде Баграш. Когда наступает ночь, здания по обе стороны культурной туристической зоны реки Кайдыкгол переодеваются в очаровательные вечерние наряды, а яркие огни украшают ночное небо города.

В последние годы уезд Баграш прочно утвердил концепцию развития «Зеленые горы и изумрудные воды – несметные сокровища», увеличил строительство экологической и культурной туристической зоны реки Кайдыкгол, содействовал поддержке городской инфраструктуры и функциональной модернизации, чтобы придать ночному виду озера Баграшкёль более динамичную красоту и очертить новую картину счастливой жизни.

CNS, Нянь Лэй

ФЕРМЕРЫ УВЛЕКЛИСЬ РАЗВЕДЕНИЕМ СТРАУСОВ

Первые лучи солнца озарили ферму в южном Синьцзяне. Когда Фань Хуафан появился, стая крепких маленьких страусов моментально окружила его, с нетерпением ожидая своей «первой трапезы» за день. Фань Хуафан начал разбрасывать корм своим «малышам».

40-летний Фань Хуафан работает в городе Цаоху в 41-м полку Третьей дивизии СПСК. Он начал разводить страусов в 2020 году, и в настоящее время их насчитывается на ферме более 360. Его пример побудил заняться разведением страусов еще 10 местных жителей, и Фань Хуафана назвали «Страусиный брат».

Опираясь на местное правительство, Фань Хуафан возглавил создание профессионального кооператива для фермеров «Хуэйминь» для выращивания и разведения домашнего скота. К концу года количество страусов в племенной базе кооператива достигнет более 1 000 голов, и она будет преобразована в целую промышленную цепочку, включающую инкубацию, продажу, туризм, резьбу по скорлупе и т.д. Ожидается, что общая стоимость продукции достигнет 10 миллионов юаней.

Менее чем за два года развитие достигло таких масштабов только благодаря одержимости Фань Хуафана, который привез страусов из Аньхоя в начале 2020 года. Тщательный уход в течение дня за птицей и трех-четырех разовая проверка ночью идут на пользу питомцам. Фань Хуафан сказал в недавнем интервью, что выживаемость отпрысков страуса достигла 95 процентов благодаря первой партии, что укрепило его уверенность в развитии страусиного хозяйства.

Несмотря на то, что Фань Хуафан известен местным жителям как «эксперт» в страусоводстве, он по-прежнему читает книги по этой теме и проводит свободное время в Интернете, обмениваясь опытом со своими коллегами по вопросам кормления и управления.

«Если вы продаете только мясо, страус может принести свыше тысячи юаней, а если вы рассчитываете продавать еще и яйца, исходя из того, что страус откладывает 50 яиц в год, то продажа одних только яиц может принести десятки тысяч юаней», - сказал он. Фань Хуафан может долго говорить об экономической выгоде разведения страусов.

А в племенном загоне птицевода Аккар Ясен в селе Кардун, поселок Токай, город Алар, первый отдел СПСС, стаи страусов вышагивают неторопливо и свободно.

В начале 2020 года Аккар Ясен посмотрел в Интернете видеоролик о страусоводстве и решил заняться разведением страусов.

Сегодня, глядя на взрослого страуса ростом 2 метра, Аккар Ясен более чем доволен многогранной пользой, которую могут принести страусы.

В шестом отделении фермы Фанцаоху в городе Уцзяцю шестого округа на севере Синьцзяна местные жители использовали заброшенные гаражи для сельскохозяйственной техники для создания кооперативов. В профессиональном кооперативе птицеводов Хуэйканюань работают 12 сотрудников, которые инвестировали в разведение страусов. В настоящее время более 400 страусов ждут своей очереди на продажу. Рыночная цена составляет около 10 000 юаней за штуку, а общий объем продукции может достигать более 4 миллионов юаней.

Отраслевые аналитики заявляют, что страусы родом из Африки были завезены в Китай для разведения в середине 1990-х годов. Технология разведения была представлена в Синьцзяне в 2000 году. И с тех пор все больше фермеров заинтересованы в разведении птиц.

С 2020 года разведение страусов стало крупномасштабной отраслью во многих местах. Все больше и больше людей обращают свое внимание на специализированное разведение и разрабатывают разные способы увеличения своего дохода.

CNS, Ши Юйцзян, Лю Хуаньхуань

В АЛТАЙСКОМ ФУД-КОРТЕ ПРОШЕЛ ФЕСТИВАЛЬ КУЛИНАРИИ

Известный как «Снежная столица Китая», Алтай провел второй фестиваль культуры кулинарии и туризма в Алтайском фуд-корте, чтобы помочь осенне-зимнему туристическому сезону. На него были отобраны десять самых известных деликатесов с ярко выраженными местными особенностями.

В тех местах отличная экология, а качество воздуха в течение всего года достигает национального первичного эталона. Алтай богат туристическими ресурсами, такими известными живописными местами, как Канас, Хему и Кекетуохай, известными как «Галерея тысячи миль».

Репортер увидел в фудкорте, что на выставке были представлены жареная рыба, приготовленная по старинным рецептам на реке Иртыш, сланцевая баранина, курица с облепихой, чай с молоком «Лама Чжао» и другие деликатесы.

Ма Сюэлян, мастер кулинарии Китая и генеральный секретарь Ассоциации общественного питания Алтая, рассказал репортеру, что каждое блюдо Алтая находится под сильным влиянием местной географической среды, климата и обычаев, а также имеет отличительные региональные особенности. «Местные горные козы едят в горах горькие бобы, дикие лилии, дикие пионы и т. д. Мясо содержит вкус китайской медицины и обладает высокой питательной ценностью. Дикая рыба реки Иртыш весит всего от 600 до 700 граммов в год, в ней содержится большое количество белка и протеинов. А в курице, которая питалась облепихой, содержится большое количество аминокислот».

Еда - важная часть туризма. На минувшей неделе в Алтайском крае открылись четыре осенне-зимних туристических маршрута.

Этот туристический фестиваль организован администрацией Алтайского района. Ван Юнь, заместитель комиссара Алтайской краевой администрации, сказал, что алтайская говядина и баранина внесены в список особых блюд зимних Олимпийских игр в Пекине. В последние годы Алтай разработал серию блюд с традиционными характеристиками и западным вкусом на основе местных высококачественных зеленых и органических сельскохозяйственных продуктов. А также создал ряд известных алтайских ресторанов, закусок, старых брендов и других систем брендинга продуктов питания и напитков. Кроме того, выпустил электронную карту-путеводитель по особым продуктам питания и напиткам Алтая, чтобы помочь туристам «попробовать Алтай на вкус».

Чэнь Фэй, владелец рыбного ресторана «Золотой берег», получившего звание «Знаменитый ресторан», сказал, что он управляет рыбным рестораном уже 16 лет. Туристическая отрасль в Синьцзяне процветает, и его дела идут хорошо, потребители очень благодарны.

В тот же день Ли Жуйфан, жительница Алтайского края, пришла в фуд-корт со своим 8-летним сыном и попробовала курицу и вяленую говядину, заявив, что они очень вкусные. Самая популярная дегустационная кабинка принадлежит молочному чаю Цзя Наэр. Она является наследницей нематериального культурного наследия Алтайского края и умеет готовить более 20 видов молочного чая.

CNS, Чжу Цзинчао

100 000 ЛУННЫХ ПРЯНИКОВ ЭКСПОРТИРОВАНО В ЦЕНТРАЛЬНУЮ АЗИЮ ИЗ ХОРГОСА

100 000 лунных пряников, произведенных в городе Хоргос, были экспортированы в Центральную Азию.

Производством и экспортом лунных пряников занимается Синьцзянская компания «Золотой миллиард», председатель правления компании Юй Чэнчжун занимается внешнеторговым бизнесом более двадцати лет. В эти дни, согласно заказам клиентов, он общался с иностранными покупателями через Интернет. Изготовленные лунные пряники экспортируются за границу, чтобы облегчить «тоску по дому» китайцев и зарубежных китайцев в ЦА.

Известно, что с этого года Хоргос усилил поддержку своей политики, довел до сведения предприятий соответствующие нормы и требования к пищевым продуктам в странах-импортерах, направил предприятия на создание совершенной системы управления качеством и безопасностью, контролировал качество экспортируемых пищевых продуктов от источника и обеспечивал соблюдение официальных соответствующих карантинных требований стран (регионов)-импортеров.

По словам Сюй Вэя, офицера 4-го класса 4 отдела таможенного надзора Хоргоса, лунные пряники являются сезонными и имеют короткий срок хранения, что предъявляет повышенные требования к таможенному оформлению. Таможенники посещают предприятия, экспортирующие лунные пряники, и «лицом к лицу» дают рекомендации по процессу производства и переработки в соответствии с требованиями безопасности пищевых продуктов в разных странах и регионах. А также предлагают такие меры, как предварительное декларирование, быстрая проверка и выпуск в соответствии с экспортными планами предприятий, чтобы ускорить таможенное оформление и одновременно обеспечить безопасность пищевых продуктов экспортируемых лунных пряников.

CNS, Ли Мин, Ли Хуэйхуэй

ВОДНО-БОЛОТНЫЕ УГОДЬЯ «МАНАС» ДЕМОНСТРИРУЮТ ОЧАРОВАНИЕ ЗОЛОТОЙ ОСЕНИ

Водно-болотные угодья «Манас» занимают площадь почти 170 000 му и являются вторым по величине водно-болотным угодьем в Синьцзяне. В последние годы местные сельскохозяйственные угодья, пастбища и рыбные пруды возле заболоченных земель были преобразованы в сельскохозяйственные угодья, пастбища и пруды. Это значительно улучшило экосистему заболоченных земель, привлекая большое количество туристов, которые приезжают посмотреть. А хорошая экология, обилие воды и травы делают угодья раем для более чем 300 видов перелетных птиц.

CNS, Ши Юйцзян

СДЕЛАТЬ УЭРХЭ ИНТЕРНЕТ-ЗНАМЕНИТОСТЬЮ

В международном парке трейлер-кемпинга в районе Уэрхэ города Карамай состоялась церемония начала конференции Альянса по продвижению туризма Китая G219 «Любовь навеки поддержит мечту». 20 мотоциклов и 20 беспилотных автомобилей помчались в направлении Канаса, главного места проведения 2-й ежегодной конференции Альянса по продвижению туризма Китая G219 в 2021 году.

Как было отмечено, G219 - самая длинная автомагистраль в Китае, она является главной артерией, связывающей западную пограничную линию Китая с сухопутным и морским Шелковым путем. Партийный комитет района Уэрхэ и правительство района будут сотрудничать со всеми сторонами Альянса по продвижению туризма в Китае G219 для совместной разработки туристических продуктов, создания туристических маршрутов и высококачественного туристического бренда, чтобы превратить G219 в ландшафтный проспект мирового класса.

